
O‘ZBEKISTON RESPUBLIKASI OLIY TA’LIM, FAN VA INNOVATSIYALAR VAZIRLIGI

ALISHER NAVOIY NOMIDAGI TOSHKENT DAVLAT O‘ZBEK TILI VA ADABIYOTI UNIVERSITETI

# “ZAHIRIDDIN MUHAMMAD BOBUR MEROSINING SHARQ DAVLATCHILIGI VA MADANIYATI RIVOJIDA TUTGAN O‘RNI”

## mavzusidagi III xalqaro ilmiy-nazariy va amaliy anjuman materiallari

**2026-yil 12-fevral**



Сканировано с CamScanner

**O'ZBEKISTON RESPUBLIKASI OLIY TA'LIM, FAN VA INNOVATSIYALAR VAZIRLIGI**

**ALISHER NAVOIY NOMIDAGI TOSHKENT DAVLAT O'ZBEK TILI VA ADABIYOTI UNIVERSITETI**

**O'ZBEKISTON YOZUVCHILAR UYUSHMASI**

**BOBUR NOMLI XALQARO JAMOAT FONDI**

# ZAHIRIDDIN MUHAMMAD BOBUR MEROSINING SHARQ DAVLATCHILIGI VA MADANIYATI RIVOJIDA TUTGAN O'RNI

III xalqaro ilmiy-nazariy va amaliy anjuman materiallari

**Toshkent – 2026**

# II SHO'BA. ZAHIRIDDIN MUHAMMAD BOBUR ASARLARINING ADABIY-ESTETIK, ANTROPOLOGIK VA LINGVISTIK XUSUSIYATLARI

## ЗАХИРУДДИН МУХАММЕД БАБУРДУН МУРАСТАРЫНДАГЫ ИНСАНДЫ ТАРБИЯЛОО МАСЕЛЕЛЕРИ
## ПРОБЛЕМЫ ФОРМИРОВАНИЯ И ВОСПИТАНИЯ ЛИЧНОСТИ В ИСТОРИКО-ЛИТЕРАТУРНОМ НАСЛЕДИИ ЗАХИРУДДИНА МУХАММЕДА БАБУРА

**Саттарова Азиза Тешабаевна,**
педагогика илимдериинин доктору,профессор, М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети, Кыргыз Республикасы, Ош шаары,
*E-mail:*aziza.sattarova.1965@mail.ru
https://orcid.org|print 0009-0007-8426-2540
**Коргонбекова Назира Торобаевна,**
улук окутуучу, Ош технологиялык университети, Кыргыз Республикасы, Ош шаары
*E-mail: korgonbekovanazira@gmail.com*
**Апазбекова Нарынгул Бургобаевна,**
окутуучу, Ош технологиялык университети, Кыргыз Республикасы, Ош шаары
*E-mail: apazbekova970@gmail.com*
**DOI:** 10.52773/tsuull.conf.2026./QUVX3518

**Аннотация.** *Макалада Захируддин Мухаммед Бабурдун тарыхый-адабий мурастарындагы инсанды калыптандыруунун педагогикалык парадигмалары жана дидактикалык принциптери комплекстүү изилденет. «Бабур-наама» эмгегиндеги инсандын моралдык-этикалык, интеллектуалдык жана лидерлик сапаттарын өнүктүрүүгө багытталган көз караштар илимий талдоого алынат. Автор Бабурдун өзүн-өзү тарбиялоо методунун жана коммуникативдик компетенцияларды калыптандыруу боюнча насааттарынын заманбап гуманисттик педагогикадагы ордун аныктайт. Изилдөөдө ойчулдун мурасы универсалдуу баалуулуктарды жана социалдык жоопкерчиликти калыптандыруунун маанилүү фактору катары каралат. Макаланын жыйынтыктары жана сунуштары заманбап билим берүү процессинде студенттердин инсандык сапаттарын жана этикалык маданиятын жогорулатууда теориялык жана практикалык курал катары кызмат кылат.*

**Түйүндүү сөздөр**: *мурас, инсан, калыптандыруу, интеллектуалдык, лидер, баалуулук, насаат, коммуникативдик, жоопкерчилик.*

**Annotation**. *The article provides a comprehensive study of the pedagogical paradigms and didactic principles of personality formation within the historical and literary heritage of Zahiruddin Muhammad Babur. A scientific analysis is conducted on the views presented in the «Baburnama,» which aim at*

*developing the moral, ethical, intellectual, and leadership qualities of an individual. The author identifies the role of Babur's self-education method and his precepts on forming communicative competencies within the framework of modern humanistic pedagogy. The research examines the thinker's legacy as a vital factor in fostering universal values and social responsibility. The findings and recommendations of the article serve as a theoretical and practical tool for enhancing the personal qualities and ethical culture of students in the contemporary educational process.*

**Keywords:** *heritage, personality, formation, intellectual, leader, values, precepts, communicative, responsibility.*

Изилдөөнүн максаты. Захируддин Мухаммед Бабурдун адабий-тарыхый мурасын, өзгөчө «Бабур-наама» эмгегин педагогикалык илимдин призмасында изилдөө, андагы инсандын калыптанышына багытталган негизги концепцияларды аныктоо жана бул идеялардын заманбап билим берүү, тарбиялоо процессиндеги дидактикалык актуалдуулугун илимий негиздөө.

Изилдөөнүн милдети. Бабурдун мурасын бүгүнкү күндөгү жаш муундардын адеп-ахлактык маданиятын жана социалдык компетенцияларын жогорулатууда колдонуу жолдорун көрсөтүү.

Изилдөөнүн методдору. Анализ, синтез, интерпретация, сынчыл ойломдун критерийлери, индукция жана дедукция.

Киришүү. Адамзат тарыхында мамлекетти башкаруу менен илимий-чыгармачылыкты, аскердик стратегия менен педагогикалык насаатчылыкты айкалыштырган инсандар сейрек кездешет. Мына ушундай өзгөчө тагдыр ээлеринин бири – Тимурийлер династиясынын өкүлү, улуу акын, тарыхчы жана мамлекеттик ишмер Захируддин Мухаммед Бабур болуп саналат. Анын мурасы бүгүнкү күндө бир гана тарыхый же адабий баалуулук катары эмес, инсанды калыптандыруунун бүтүндөй бир педагогикалык концепциясы катары чоң кызыгууну жаратууда.

Бабур жашаган XV кылымдын аягы жана XVI кылымдын башы – Чыгышта «Тимурийлер ренессансы» деп аталган маданий жана илимий гүлдөөнүн акыркы баскычтарына туш келет. Бул доордо инсандын адеп-ахлактык, интеллектуалдык жана физикалык жактан жетилүүсү коомдун негизги талабы болгон. Бабур өзүнүн «Бабур-наама» аттуу энциклопедиялык эмгеги аркылуу ошол доордун тарбиялык идеалдарын гана чагылдырбастан, өзүнүн турмуштук тажрыйбасына таянган уникалдуу дидактикалык системасын калтырган.

Бүгүнкү күндө билим берүү системасы глобалдашуу жана маалыматтык технологиялардын таасири астында трансформацияланып жаткан шартта, Бабурдун педагогикалык көз караштарын изилдөө өзгөчө актуалдуулукка ээ. Анын өзүн-өзү таануу, сынчыл ой жүгүртүү жана

социалдык жоопкерчилик тууралуу ойлору заманбап компетенттүүлүк мамиленин (компетентностный подход) тарыхый тамырлары катары каралышы мүмкүн. Бабурдун насааттарындагы гуманисттик баалуулуктар жаш муундардын адеп-ахлактык маданиятын калыптандырууда, аларды мекенчилдикке, сабырдуулукка жана көп кырдуу билим алууга багыттоодо баа жеткис курал болуп саналат. Бирок, Бабурдун мурасы педагогикалык илимде көбүнчө адабий же тарыхый контекстте гана каралып, анын дидактикалык мүмкүнчүлүктөрү терең ачылбай келет. Бул макалада Бабурдун насааттарын заманбап педагогиканын критерийлерине салып талдоо, анын инсанды тарбиялоо боюнча концепцияларын системалаштыруу жана аларды бүгүнкү күндүн билим берүү чөйрөсүнө адаптациялоо маселелери каралат.

Негизги бөлүм. Захируддин Мухаммед Бабурдун (1483–1530) өмүр таржымалы - бул бир гана жеңиштердин тарыхы эмес, бул инсандын эң оор шарттарда өзүн-өзү тарбиялоосунун жана интеллектуалдык өсүүсүнүн уникалдуу мисалы. Ал 12 жашында Фергана тактысына отуруп, Тимурийлер доорунун соңку Ренессанс деми менен сугарылган чөйрөдө калыптанган. “Бабурдун инсандык сапаттарына анын атасы Умар Шейх Мирзанын таасири жана анын артында турган улуу бабасы Амир Темирдин стратегиялык мурасы зор таасир эткен [Салье, 1993: 5]”. Биздин оюбузча, Бабурдун 12 жашында такка отуруп, мамлекеттик иштерге аралашуусу - бул анын эрте жетилгендигинин гана эмес, Тимурийлер мектебинин катаал, бирок сапаттуу тарбиясынын натыйжасы. Бул тарыхый мисал заманбап педагогикадагы «кыйынчылыктар аркылуу инсанды калыптандыруу» жана «эрте социалдашуу» концепцияларына үлгү боло алат.

Дүйнөлүк тарыхнаамада Бабурду баалоодо окумуштуулар анын энциклопедиялык билимине өзгөчө басым жасашат. Белгилүү чыгыш таануучу С.А.Азимджанова белгилегендей, “Бабурдун мамлекеттик ишмердүүлүгү анын илимий изденүүлөрү менен ажырагыс байланышта болгон” [Азимджанова,  1977: 12]. Биздин оюбузча, Азимджанованын бул пикири Бабурдун «ар тараптуу өнүккөн инсан» экендигин далилдейт. Бүгүнкү күндөгү лидерлик сапаттарды калыптандырууда билим менен практиканы айкалыштыруу зарылчылыгы Бабурдун ишмердүүлүгүндө мындан беш кылым мурун эле ишке ашкан. Демек, Бабурдун энциклопедиялык изденүүлөрү – бул анын башкаруучулук чечимдеринин негизин түзгөн интеллектуалдык фундамент болуп саналат. Ал эми, Индиянын биринчи премьер-министри жана көрүнүктүү тарыхчысы Джавахарлал Неру өзүнүн дүйнөгө белгилүү «Взгляд на всемирную историю» (Дүйнөлүк тарыхка көз караш) аттуу фундаменталдуу эмгегинде Бабурдун инсандыгына суктанганын жашырган эмес “ Бабур Кайра жаралуу доорунун (Ренессанс) типтүү өкүлү болгон – ал бир эле учурда күчтүү башкаруучу, маданияттуу инсан, ачык мүнөздүү жана искусствону сүйгөн

адам эле. Ал өз доорунун эң жагымдуу инсандарынын бири болгон” дейт [Неру, 1981: 345]. Джавахарлал Нерунун Бабурду “Кайра жаралуу доорунун өкүлү” деп аташы бекеринен эмес. Биздин көз карашыбызда, бул аныктама Бабурдун Чыгыш менен Батыштын эң бийик баалуулуктарынын жуурулушканын сезгендиги боюнча айтылып жатат. Бабурдун маданияттуулугу жана искусствого болгон сүйүүсү анын педагогикалык мурасындагы эстетикалык тарбиянын негизин түзөт. Бул бүгүнкү күндөгү жаштарды гуманитардык багытта тарбиялоодо, алардын ички дүйнөсүн байытууда жана маданияттар аралык диалогду өнүктүрүүдө маанилүү методикалык курал болуп кызмат кылат. Бабур – өзүнүн каталарын ачык моюнга алган чынчыл инсан гана эмес, табиятты жана адамдын ички дүйнөсүн изилдеген гуманист болгон. Демек, Нерунун бул пикири Бабурду орто кылымдагы чектелген аскер башчы катары эмес, дүйнөлүк деңгээлдеги көп кырдуу инсан катары баалоого жол ачат.

Бабурдун педагогикалык көз караштары анын фундаменталдуу эмгектеринде системалуу түрдө чагылдырылган. Бул эмгектер инсанды интеллектуалдык, моралдык жана эстетикалык жактан тарбиялоонун булагы болуп саналат. Мисалы, «Бабур-наама» – бул жөн гана мемуар эмес, ал өзүнүн мазмуну боюнча тарыхтын, географиянын, флора менен фаунанын, ошондой эле адамдык мүнөздөрдүн нукура энциклопедиясы болуп саналат. Анын эң баалуу жери - автордун окуяларга жана өзүнө карата болгон өзгөчө чынчылдыгында [Beveridge, 1922: 77]”. Бабур «Бабур-наамада» өзүнүн стратегиялык каталарын (мисалы, Самарканд үчүн болгон салгылашуулардагы шашмалыгын) талдап жатып, окурмандарды маанилүү педагогикалык тыянактарга багыттайт. Биринчиден, катаны моюнга алуу - аны оңдоонун алгачкы кадамы. Экинчиден**,** эмоцияга алдырбай, кырдаалды сергек акыл менен (объективдүүлүк критерийи) баалоо. Бул ыкма аркылуу Бабур окурманды өзүнүн кемчиликтеринен коркпоого, тескерисинче, аларды өнүгүүнүн инструменти катары колдонууга үйрөтөт. “Бабур «Мубаййинде» укуктук нормаларды гана бербестен, аларды моралдык жана коомдук жоопкерчилик менен айкалыштырган [Бертельс, 1988: 432]”. Бул чыгарма өз маңызы боюнча жаш муундарды мамлекеттик жана этикалык тартипке багыттаган насаат-намэ болуп саналат.

Изилдөөчү И.В.Стеблеванын пикири боюнча: “Бабурдун арузга арналган “Аруз рисаласы” – бул түрк тилиндеги ыр түзүлүшүнүн теориясын гана системалаштырбастан, түрк тилинин (чагатай тилинин) филологиялык жана адабий мүмкүнчүлүктөрүн илимий жактан негиздеген эң маанилүү эмгек. Ал бул эмгеги аркылуу түрк поэзиясын классикалык араб жана фарс поэтикасы менен бирдей деңгээлге көтөргөн [*Стеблева*, 1976: 12]”. Тил жана поэтика – бул жөн гана өнөр эмес, бул ойдун тактыгын жана маданияттуулукту калыптандыруучу дидактикалык курал. Бабур жаш

муундарды тилдин нормаларын сактоого үйрөтүү аркылуу, аларды системалык ой жүгүртүүгө (логикалык тактыкка) тарбиялаган.

Бабурдун инсандыгына болгон кызыгуу анын замандаштарынан башталып, бүгүнкү күндүн Батыш жана Чыгыш илимпоздоруна чейин уланууда. Анын тууганы жана тарыхчысы Мирза Мухаммед Хайдар «Тарих-и Рашиди» эмгегинде «Захируддин Мухаммед Бабур көптөгөн таланттардын ээси болгон. Ал өз доорунун адилеттүү падышасы гана эмес, түрк адабиятында Навоиден кийинки экинчи орунда турган улуу акын, филолог жана аскердик өнөрдүн устаты эле...” деп, Бабурду көптөгөн таланттардын ээси, адилеттүүлүктүн жана эрдиктин символу катары сүрөттөгөн [Урунбаев, 1996: 75]. Мирза Мухаммед Хайдардын бул пикирине таянуу менен, биз Бабурдун инсандык образын заманбап педагогикалык категорияларда карасак болот. Биздин оюбузча, Бабурдун «Навоиден кийинки экинчи орунда» турушу анын жөн гана акындык чеберчилигин эмес, анын тилдик жана дидактикалык деңгээлинин бийиктигин айгинелейт. Бабурдун феномени - бул билим менен аракеттин (теория менен практиканын) синтези. Эгерде Навои педагогикалык идеалдарды өзүнүн поэзиясында жогорку деңгээлде чагылдырса, Бабур ошол идеалдарды өзүнүн реалдуу жашоосунда, мамлекеттик башкаруусунда жана жеке тарбиясында ишке ашырган. Демек, Бабурду биз бир эле учурда насаатчы-теоретиктин жана насаатчы-практиктин ролунда көрө алабыз. Анын «аскердик өнөрдүн устаты» болушу - заманбап тил менен айтканда, инсандын эрктик жана дисциплинардык компетенцияларынын эң жогорку деңгээлде калыптангандыгынын далили болуп саналат.

Батыш илиминде Бабурдун табиятынан илимий байкоочулугу өзгөчө орунда турат. Тарыхчы Эдуард Холден өзүнүн эмгегинде Бабурдун жаратылышка болгон мамилеси жана анын интеллектуалдык деңгээли тууралуу мындай деп жазган: “Бабур – бул Чыгыштын гана эмес, дүйнөлүк тарыхтагы эң кызыктуу инсандарынын бири. Анын жаратылышты баалоосу жана аны илимий негизде сүрөттөөсү, ошондой эле өзүнүн жашоосун эч бир коздоосуз табигый баяндоосу - аны заманбап илимий ой жүгүртүүнүн деңгээлине көтөрөт [Edward, 1895: 76]”. Эдвард Холдендин Бабурга берген баасын талдоо менен, биз автордун экологиялык жана эстетикалык тарбия боюнча идеяларынын универсалдуулугун көрөбүз. Биздин оюбузча, Бабурдун жаратылышты изилдөөсү - бул жөн гана кызыгуу эмес, бул инсандын айлана-чөйрө менен гармонияда жашоосунун педагогикалык үлгүсү. Бүгүнкү күндөгү жаштардын “экологиялык компетенцияларын” калыптандырууда Бабурдун табиятка болгон байкоочулук жана камкордук мамилесин колдонуу зарыл деп эсептейбиз.

Францияда Бабурдун өмүр баянын жана анын инсандык өзгөчөлүгүн эң терең изилдеген окумуштуу бул – Фернан Гренард. Анын 1930-жылы жарык көргөн “Бабур” аттуу эмгеги дүйнөлүк классика болуп саналат.

Француз изилдөөчүсү Фернан Гренард Бабурдун инсандыгын талдап жатып, анын тагдырындагы карама-каршылыктарды жана анын моралдык жеңишин мындайча сүрөттөйт: "Бабур – өзүнүн жеңилүүлөрүнөн жеңиш жарата билген сейрек инсан. Анын эң чоң куралы – бул анын калеми жана ал калтырган моралдык мурасы" [Grenard, 1930: 185]. Фернан Гренарддын Бабурдун «калеми жана моралдык мурасы» тууралуу айткан пикирин талдоо менен, биз автордун педагогикалык стратегиясынын өзөгүн көрө алабыз. Биздин оюбузча, Бабурдун «жеңилүүлөрдөн жеңиш жарата билүүсү» – бул бүгүнкү күндөгү психологиялык туруктуулук жана сынчыл өзүн-өзү таануу маданиятынын эң жогорку үлгүсү. Бабур үчүн калем - бул жөн гана жазуу куралы эмес, ал өткөн тажрыйбаны корутундулоочу, каталарды илимий негизде талдоочу жана келечек муунга жол көрсөтүүчү дидактикалык курал болгон. Гренард белгилеген «моралдык мурас» – бул Бабурдун эң оор саясий кризистерде да өзүнүн адамдык жана этикалык принциптеринен (адилеттүүлүк, чынчылдык, билимге куштарлык) тайбагандыгында. Демек, Бабурду заманбап билим берүү контекстинде – «кризистик менеджменттин» жана «моралдык лидерликтин» тарыхый насаатчысы катары кабыл алышыбыз зарыл. Бул идеяларды окуу процессине интеграциялоо, студенттерде жана окуучуларда турмуштук кыйынчылыктарды интеллектуалдык жол менен жеңүү көндүмдөрүн калыптандырууга кызмат кылат.

Кыргызстандык окумуштуулар да Бабурдун мурасына өзгөчө көңүл буруп келишет. Маселен, белгилүү тарыхчы жана чыгыш таануучу Т.К.Чоротегин Бабурду Борбордук Азиядагы орто кылымдык маданияттын жана илимдин өнүгүшүнө зор салым кошкон инсан катары мүнөздөйт. Ал Бабурдун чыгармаларындагы этнографиялык маалыматтар кыргыз элинин тарыхын жана географиясын изилдөөдө баа жеткис булак экенин баса белгилеген. Ошондой эле, кыргыз изилдөөчүлөрү Бабурдун Ош шаарына жана Сулайман-Тоого болгон өзгөчө мамилесин, анын «Бабур-наамада» Оштун кооздугу жана абасы тууралуу жазгандарына таянуу менен, аны аймактык маданиятты сүйгөн патриот-инсан катары баалашат. Биздин оюбузча, кыргыз окумуштууларынын изилдөөлөрү Бабурдун мурасын биздин улуттук тарыхыбыздын бир бөлүгү катары кабыл алууга жол ачат. Бабурдун Ош шаарына болгон сүйүүсү жана анын Сулайман-Тоодогу "Бабурдун үйүн" курушу - бул анын эстетикалык жана экологиялык тарбиясынын практикалык далили. Жаш муундарга Бабурду алыскы Индиянын падышасы катары эмес, биздин аймактын табиятын жана маданиятын даңазалаган интеллектуал катары таанытуу – алардын мекенчилдик жана маданий сыймыктануу сезимдерин ойготот.

Кыргыз тарыхчылары Ө.Караев жана К.Үсөнбаев белгилегендей, "Бабур-наама" – бул Борбордук Азиянын, анын ичинде кыргыз жергесинин тарыхый географиясын, этнографиясын жана маданий турмушун

изилдөөдөгү эң маанилүү булактардын бири [Караев, 1998: 172]”. Биздин оюбузча, Ө.Караев менен К.Үсөнбаевдин бул илимий тыянагы Бабурдун мурасына болгон ата мекендик көз караштын бекемдейт. Бабурдун өз чыгармасындагы тарыхый чынчылдыгы жана курч байкоочулугу - бул анын илимий-изилдөөчүлүк компетенттүүлүгүнүн жогорку деңгээлин көрсөтөт. Бабурдун «Бабур-наамадагы» Ош шаарына болгон суктануусун жана анын стратегиялык баасын окуу процессинде колдонуу - студенттердин патриоттук сезимин ойготууга жана алардын өз жеринин тарыхына болгон илимий кызыгуусун арттырууга кызмат кылат. Окумуштуулар Бабурдун Ош шаары жана анын тегерегиндеги аймактар тууралуу жазгандары тарыхый тактыгы жана деталдуулугу менен айырмаланарын баса белгилешкен .

Корутунду: Захириддин Мухаммед Бабурдун өмүрү жана анын калтырган мурасы – бул дүйнөлүк цивилизациянын ажырагыс бөлүгү гана эмес, заманбап гуманитардык илимдер үчүн түгөнбөс изилдөө булагы. Бул макалада биз карап чыккан он фундаменталдуу булактын негизинде кеңири илимий жыйынтыктарды чыгарууга болот. Биринчиден, Бабурдун инсандык феномени дүйнөлүк тарыхнаамада (Дж.Неру, Ф.Гренард, Э.Холден) универсалдуу инсандын – «Ренессанс адамынын» модели катары таанылды. Биздин изилдөөбүз көрсөткөндөй, Бабурдун эң чоң жеңиши анын курган империясында эмес, анын эң оор саясий кризистерде, моралдык жана интеллектуалдык бийиктигин сактап кала алгандыгында. Бул бүгүнкү күндөгү педагогикалык психологияда адамдын туруктуулугун жана кризистик башкаруу жөндөмүн калыптандырууда эң мыкты тарыхый үлгү боло алат.

Экинчиден, филологиялык жана семантикалык талдоолор «Бабур-нааманын» тилинин жөнөкөйлүгү жана тактыгы анын дидактикалык кубаттуулугун арттырарын далилдейт. Бабур өз каталарын жашырбай, аларды талдоо аркылуу окурманына сабак болгон. Бул метод заманбап билим берүүдөгү «рефлексиялык окутуу» концепциясына толук шайкеш келет. Бабурдун калеми - бул билимди берүү куралы гана эмес, бул инсандын өзүн-өзү тарбиялоосунун уникалдуу лабораториясы.

Үчүнчүдөн, Кыргызстандын тарыхындагы (Ө.Караев, К.Үсөнбаев,) изилдөөлөр Бабурдун мурасын кыргыз тарыхынын контекстинде кайрадан аңдап билүүгө жол ачты. Бабурдун Ош шаары, Сулайман-Тоо жана Фергана өрөөнүнүн этнографиясы тууралуу жазгандары тарыхый документ гана эмес, бул анын локалдык патриотизмди жана эстетикалык маданиятты калыптандыруучу насааттар. «Бабур-наамадагы» географиялык тактык жана жаратылышка болгон илимий кызыгуу - бүгүнкү күндөгү экологиялык тарбиянын башаты катары каралышы абзел.

Төртүнчүдөн, биздин автордук позициябыз боюнча, Бабурдун педагогикалык стратегиясы «кеменгер инсанды» тарбиялоонун төрт булагына таянат:

1. Интеллектуалдык кенендик (энциклопедиялык билимге умтулуу).
2. Моралдык жоопкерчилик (адилеттүүлүк жана чынчылдык).
3. Эстетикалык табит (өнөрдү жана табиятты кадырлоо).
4. Практикалык ишмердүүлүк (билимди мамлекеттик жана коомдук пайдага жумшоо).

Демек, Захириддин Мухаммед Бабур - бул өткөн замандын гана каарманы эмес, ал келечек муундардын интеллектуалдык жана руханий өсүшүнө багыт берүүчү түбөлүктүү насаатчы.

**Адабияттар:**

1. Бабур-наме: Записки Бабура / Пер. М. Салье; отв. ред. С.А. Азимджанова; Ин-т востоковедения АН Р Узб. – 2-е изд., дораб. – Ташкент: Главная редакция энциклопедий, 1993. – 464 с.
2. Азимджанова С.А. Государство Бабура в Кабуле и в Индии. – М.: Наука, 1977.
3. Неру Дж. Взгляд на всемирную историю. – М.: Прогресс, 1981.
4. Beveridge A.S. The Babur-nama in English. – London, 1922.
5. Бертельс Е.Э. Избранные труды. История литературы и культуры Востока. – М., 1988.
6. *Стеблева И.В*. Поэтика древнетюркской литературы и её трансформация в раннеклассический период. // – М.: ГРВЛ. 1976. – 216 с. Отв.ред. А.Н. Кононов.
7. *Мирза Мухаммад Хайдар. Тарих-и Рашиди. – Ташкент: Фан, 1996*. © текст – Урунбаев А. 1996.
8. Holden, Edward S. The Mogul Emperors of Hindustan (1398–1707). – New York: C. Scribner’s Sons, 1895. – P. 76-78.
9. Grenard, F. Baber: fondateur de l’Empire des Indes. – Paris: Firmin-Didot et cie, 1930. (Орусча котормосу: Гренард Ф. Бабур. – Ташкент: Шарк, 1993.)
10. Караев Ө., Үсөнбаев К. Кыргызстандын XVIII–XIX кк. тарыхы боюнча булактар. – Бишкек: Кыргызстан, 1998. – 172 б.